**ФИЗИКА** **8 - КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН** **ВАРИАНТ №1**

**№ 1.** Ар кандай нерселерди түзгөн майда бөлүкчөлөр…деп аталат.
а) молекулалар б) протондор в) электрондор г) атомдор

**№ 2.** Топту алгач кысып туруп, анан коё бергенде чуңкурайган орун жоголот, эмне үчүн?
а) топтун сырткы кабыгы сиздин колуңузга тартылат
б) топтогу абанын молекулалары топтун сырткы кабыгына тартылышат
в) топтогу абанын молекулалары өтө чоң жакындашуудан бири – биринен түртүлүшөт
г) топтун ичиндеги аба азаят

**№ 3.** Изохоралык процессти мүнөздөөчү графикти көрсөткүлө




**№ 4.** Зат эригендеги жылуулук саны кайсы формула менен эсептелинет?
а) $Q=mc(t_2-t_1)$ б) $Q=m\lambda$ в) $Q=rm$ г) $Q=mq$

**№ 5.** Температурасы 0° С болгон муздун кесеги, дубалга урунганда толук эрип кетиши үчүн кандай ылдамдык менен кыймылдашы керек. (Муздун эрүү салыштырма жылуулугу $3,2\ 10^5$Дж/ кг)
а) $6,4\cdot10^5$ м/с б) $8\cdot10^2$ м/с в) $3,2\cdot10^5$ м/с г) $4\cdot10^2$ м/с

**№ 6.** Диффузия кандай чөйрөдө жүрөт?
а) суюктарда гана
б) газдарда гана
в) газдарда, суюктуктарда жана катуу нерселерде
г) катуу нерселерде гана

**№ 7.** Массасы 100 г жезди 1 $^0C$ ге ысытуу үчүн канча жылуулук саны талап кылынат. Жездин салыштырма жылуулук сыйымдуулугу 380 Дж/кг$^0$С.
а) 1900 Дж б) 38 Дж в) 95 Дж г) 260 Дж

**№ 8.** Идеалдык газдын жумушу … процессинде нөлгө барабар.
а) изохоралык б) изотермикалык в) изобаралык г) адиабаттык

**№ 9.** Алюминий 660 $^0C$ де катууланат. Алюминийдин эрүү температурасы жөнүндө эмнени айтууга болот.
а) ал 660 $^0C$ ге барабар
б) ал катуулануу температурасынан жогору
в) ал катуулануу температурасынан төмөн
г) ал 560 $^0C$ ге барабар

**№ 10.** 500 г сууну 10$^0$С ден 70$^0$С спиртовкада ысытуу чүн 20 г спирт талап кылынды. Спирт күйгөндөгү жылуулуктун канча % сууну ысытууга кетти? Спирттин күйүү жылуулугу 30 МДж/кг, суунун салыштырма жылуулук сыйымдуулугу 4200 Дж/кг$^0$С.
а) 21 б) 42 в) 16 г) 10